**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**Факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасы**

# МААЛЫМАТ КАТ

**Урматтуу кесиптештер!**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасы Кыргыз Республикасынын **«Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик, уңгужол»** аттуу мамлекеттик идеологиясын ишке ашыруу максатында 2026-жылдын 24-апрелинде **«Мамлекеттик тил – уңгужолдун өзөгү»** аттуу тегерек стол өткөрүп жатканын маалымдайт.

**Иш-чаранын негизги максаты** – мамлекеттик тилдин коомдогу ордун, өнүгүү багыттарын, тилди окутуунун жана жайылтуунун актуалдуу маселелерин талкуулоо.

Ошондой эле жогорку окуу жайларда тил саясатын ишке ашыруунун натыйжалуу жолдорун аныктоо болуп саналат.

**Тегерек столдо каралуучу актуалдуу маселелер:**

- ✓ мамлекеттик тилдин укуктук жана социалдык макамы;

- ✓ билим берүү системасында мамлекеттик тилди окутуунун сапатын жогорулатуу;
- ✓ башка улуттагы жаштар арасында тил маданиятын жайылтуу ;
- ✓ мамлекеттик тил аркылуу кыргыз элинин  салтын, маданиятын жана улуттук баалулуктарын жалпы коомчулуктун арасында кеңейтүү.

Өткөрүлүүчү жайы: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин  башкы окуу имараты -  247 кичи өргөсү.

**Убактысы: саат 10.00 -14:00 , 24-апрель, 2026-жыл.**

**Тегерек столдун  аягында активдүү  катышуучуларга тастыктама тапшырылат**

**Сиздин катышууңуз биз үчүн  маанилүү!**

Байланыш  телефондору ; (whatsApp) : 0555421619

(кафедра башчысы Г.К.Осмоналиева )

0707 310 673  (кафедранын  ага окутуучусу Курманкожоева Д.К.)

**Бишкек - 2026**